**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз V отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 29**

2024-жылдын 4-июлу                                   Согонду айылы

**Кичи-Бүлөлү айылындагы таза-суу долбоорунун курулушуна жарандардын өздүк салымынын өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басар-жооптуу катчысы К.Жумабаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, 2024-жылдын 12-13-июнунудагы Кичи-Бүлөлү айылындагы элдик жыйындын №4/1, №4/2 протоколдоруна ылайык Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. АРИСтин калкты таза суу менен камсыз кылуу жана санитарияны туруктуу өнүктүрүү долбоорунун алкагында курулуп жаткан Кичи-Бүлөлү айылынын таза суусун үйлөргө тартууда жарандардын өздүк салымынын өлчөмү ар бир кожолукка 2000 (эки миң) сом (анын ичинде сантехниктердин кызмат акысы, суу өлчөгүч счетчик сатып алуу, техникалык шарттар, келишим, схема түзүүгө кеткен чыгымдар) өлчөмүндө бекитилип берилсин;

2. Жарандар өз үйлөрүнө ташталып тартылуучу суу түтүктөрүнүн терендиги долбоордо көрсөтүлгөн шарттарды сактап, орнотулган суу эсептегичтер бузулган учурда (кепилдик мөөнөтү бүткөндөн кийин) абоненттин эсебинен оңдолушу же жаңы сатып алынышы, эгерде абоненттин суу эсептегичи иштебей калса мурунку 3 айлык орточо көлөмдөгү суммасы төлөнүшү белгиленсин;

3. Аталган долбоорго жакындан көмөк көрсөтүп, токтомго ылайык иш алып баруу Жибек Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн “Бүлөлү таза суу” муниципалдык ишканасынын директору Н. Акылман уулуна милдеттендирилсин;

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага**                                   **Т. Орозали уулу**